
# Алма



Автор: Бакытжан Мырзатаева

Сүрөтчү: Аликбек Темиралиев

# Алма

Автор: Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Аликбек Темиралиев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Алма" (кыргыз тилинде), автор Бакытжан Мырзатаева, сүрөтчү Аликбек Темиралиев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Калаа ысык жайында,
Каникулдун айында.
Балдар жүрөт эс алып
Ак-Жол деген айылда.




Искак, Сыргак, Даткалар.
Алма терди бакта алар.
Кызыл, сары, алмалар
Кышка чейин сакталар.




"Иштерманбыз биз!" – деди
Искак тынбай иштеди.
Эс алганда отуруп,
Эң кызылын тиштеди.

"Бах, ширеси чачырайт!
Балдай таттуу, кантын айт!"
Күн нурунан шимирип,
Кызыл өңү жаркырайт!

Искак айтат Даткага:
“Ишенбесең бат кара!”
Тиштелгенин байкасаң
Түсү өзгөрөт башкага.




Сырдуу кызыл алманы
Сыргак карап калганы.
Күрөң түскө өзгөргөн
Кебинде жок жалганы.




Үрпөйүшө калышты.
Үчөө ойго батышты.
Сыйкырына кызыгып
Сырын терең ачышты.




Алар ишке тартылды.
Алма бачым аарчылды.
Ак булуттай жарымын
Ак кагазга калтырды.






Бир кызыкты көз көрдү.
Кескен алма өзгөрдү.
Бир бөлүгүн алышып
Стаканды көмкөрдү.




Талкуу улам такталып,
Балдар сырын тапты анык.
Тунук айнек ичинде,
Турат түсү сакталып.

Кагазда ачык туруптур.
Алма өңүн буруптур.
Кычкылтеги абанын,
Күрөң, саргыч кылыптыр.





Кычкылтектен аныгы
Коргойт сырткы кабыгы.
Даам, шире, жыт берчү
Даны турат жабылуу.

Байкоолору үчүнбү?
Балдар чындап түшүндү.
Билим менен текшерип
Билсең болот күчүңдү!



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Аликбек Темиралиев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли